УДК: 371.180.6
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-198-201

**МАШАНОВА А.С.**
Эл аралык Кувейт университети
**МАШАНОВА А. С.**
Международный Кувейтский университет
**MASHANOVA A. S.**
International Kuwait University

# МУГАЛИМДИН ЭМОЦИОНАЛДЫК ИНТЕЛЛЕКТИ ЖАНА АНЫН ОКУУЧУЛАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## ЭМОЦИОНАЛЬНЫЙ ИНТЕЛЛЕКТ УЧИТЕЛЯ И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА УЧАЩИХСЯ

## EMOTIONAL INTELLIGENCE OF A TEACHER AND ITS INFLUENCE ON STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада мугалимдин эмоционалдык интеллектинин негизги компоненттери, анын ичинде өзүн-өзү жөнгө салуу, эмпатия, социалдык аң-сезим жана инсандар ортосундагы мамилелер каралат жана педагогдордун эмоционалдык интеллекти окуучулардын окууга болгон мотивациясына, психологиялык абалына жана окуудагы жетишкендиктерине олуттуу таасирин тийгизип, билим берүү процессинде негизги ролду ойноорун ачып берет. Класста позитивдүү атмосфераны түзүүгө, окуучулардын стресс деңгээлин төмөндөтүүгө жана алардын окуу процессине катышуусун жогорулатууга мугалимдин эмоционалдык интелектинин жогорку деңгээли кандайча көмөктөшөөрүнө өзгөчө көңүл бурулат.__Изилдөө мугалимдердеги эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү стратегияларын жана алардын педагогикалык иш-аракеттердеги практикалык колдонулушун талдайт. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окуу чөйрөсүндө гармониялуу мамилелерди өнүктүрүү үчүн педагогдордо эмоционалдык интеллектти максаттуу түрдө өнүктүрүү зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарылды.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются основные компоненты эмоционального интеллекта педагога, включая само регуляцию, эмпатию, социальную осведомленность и навыки межличностного взаимодействия и раскрывает как эмоциональный интеллект учителя играет ключевую роль в образовательном процессе, оказывая значительное влияние на учебную мотивацию, психологическое состояние и успеваемость учащихся. Особое внимание уделяется тому, как высокий уровень эмоционального интеллекта способствует созданию благоприятной атмосферы в классе, снижает уровень стресса у учеников и повышает их вовлеченность в учебный процесс. В исследовании анализируются стратегии развития эмоционального интеллекта у учителей и их практическое применение в педагогической деятельности. Сделан вывод о необходимости целенаправленного формирования эмоциональный интеллект у педагогов для повышения качества образования и развития гармоничных отношений в учебной среде.

**Abstract:** The emotional intelligence of a teacher plays a key role in the educational process, having a significant impact on the learning motivation, psychological state and academic performance of students. This paper examines the key components of a teacher's emotional intelligence, including self-regulation, empathy, social awareness, and interpersonal skills. Particular attention is paid to how high levels of emotional intelligence contribute to the creation of a positive atmosphere in the classroom, reduce stress levels in students and increase their engagement in the learning process. The study analyzes strategies for developing emotional intelligence in teachers and their practical application in teaching activities. The conclusion is made about the need for targeted development of emotional intelligence in teachers to improve the quality of education and develop harmonious relationships in the educational environment.

**Негизги сөздөр:** эмоционалдык интеллект; мугалим; окуучулар; эмпатия; билим берүү процесси; мотивация.

**Ключевые слова:** эмоциональный интеллект; педагог; учащиеся; эмпатия; образовательный процесс; мотивация.

**Keywords:** emotional intelligence; teacher; students; empathy; educational process; motivation.

Заманбап педагогикада мугалимдин эмоционалдык интеллекти анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн ийгилигин камсыздоочу маанилүү фактор катары каралууда [5]. Эмоционалдык интеллекттин жогорку деңгээли педагогдун өзүнүн жана окуучулардын эмоцияларын жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берип, анын структурасы эмоцияларды башкаруу, аларды чечмелөө, таануу жана билдирүү, ошондой эле окутуу практикасында колдонуу жөндөмүн камтыйт.

Педагогдун эмоционалдык интеллекти билим берүү процессинде негизги ролду ойнойт, анткени ал аудиториянын атмосферасына, окуучуларга мотивация, жигердүүлүктү берүү деңгээлине жана окуунун сапатына түздөн-түз таасирин тийгизет. Эмоционалдык интеллекттин таасиринин негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:

1. Жагымдуу психологиялык климатты түзүү. Эмоционалдык интеллекти өнүккөн мугалим класста ишеним, сый-урмат жана комфорт атмосферасын түзүп, алардын эмоцияларын башкара алат жана окуучулардын сезимдерин түшүнө алат. Бул окуучулардын тынчсыздануусун азайтууга жана алардын окуудагы жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрүн жакшыртууга жардам берет.
2. Окуучулардын боорукерлигин өнүктүрүү жана колдоо көрсөтүү. Мугалимдин окуучулардын эмоциясын түшүнүү жөндөмү, окуучуда байкалып жаткан кыйынчылыктарды өз убагында байкап, ар бирине жекече колдоо көрсөтө алат. Бул өзгөчө стресске, үй-бүлөлүк көйгөйлөргө же окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон балдар менен иштөөдө маанилүү.
3. Натыйжалуу байланыш. Эмоционалдык интеллект деңгээли жогору мугалимдер ар бир окуучуга жеке мамиле таап, чыр-чатактардан алыс болууга чакырып, мектеп окуучуларына мотивация берип, окууга шыктандыра алышат.
4. Өзүн-өзү жөнгө салуу жана стрессти башкаруу. Окуу процесси эмоционалдык стресстин жогорку деңгээли менен байланыштуу. Мугалимдин өз эмоцияларын башкара билүү жана оор кырдаалдарда сабырдуу болуу жөндөмү эмоционалдык чарчоодон качууга жана пайда болгон көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө жардам берет.
5. Окуучуларда социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдү калыптандыруу. Мугалим билим берүү менен гана чектелбестен, балдарга үлгү болот. Анын эмоцияларды башкаруу, чыр-чатактарды чечүү жана эмпатияны көрсөтүү жөндөмү окуучулардын эмоционалдык интеллектинин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, бул келечекте айланасындагылар менен ийгиликтүү баарлашууга жардам берет. Мугалимдин эмоционалдык интеллектин өнүктүрүү окуу процессинин сапатын жакшыртат, окуучулар менен өз ара аракеттенүүнү күчөтөт жана алардын гармониялуу өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Педагогдун эмоционалдык интеллекти анын кесиптик ишинде негизги ролду ойнойт, окуучулар, кесиптештер жана ата-энелер менен натыйжалуу баарлашууга жардам берет.

Педагогдун компоненти анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу окутуу жана тарбиялоо үчүн зарыл болгон негизги сапаттарын, көндүмдөрүн жана мүнөздөмөлөрүн чагылдырган компоненттеринин бири.

Педагогдун эмоционалдык интеллектинин негизги компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

1. Инсандык компонент – педагогдун эмпатия, чыдамкайлык, стресске туруктуулук, жакшы ниет сыяктуу инсандык сапаттарын камтыйт.
2. Кесиптик-педагогикалык компонент – предмет боюнча билим, окутуу методикасы, өнүгүү психологиясы.
3. Коммуникативдик компоненти – бул окуучулар, ата-энелер, кесиптештер менен байланыш түзө билүү, мотивациялоо жана шыктандыруу.
4. Уюштуруу компоненти – бул окуу процессин пландаштыруу, классты башкаруу жана окуу материалдарын иштеп чыгуу.

5. Креативдик компонент – окутууда, инновациялык методикаларды пайдаланууда чыгармачыл мамиле жасоого болгон жөндөмдүүлүгү.

6. Рефлексивдүү компонент – өз ишин талдоо, каталарды аныктоо жана кесиптик көндүмдөрдү өркүндөтүү.

Бул компоненттер жалпысынан педагогдун ийгилигин жана анын билим берүү процессине тийгизген таасирин аныктайт. Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү мугалимдерге ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө, окуучуларды мотивациялоого жана ар кандай адамдар менен тил табышууга жардам берет. Бул багытта көптөгөн илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Чет өлкөлүк изилдөөчүлөр, мисалы, Д. Гоулман жана П. Сэловей, эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү боюнча өзүлөрүнүн эмгектерин сунушташкан. Кыргыз педагогикасында да эмоционалдык компетенциялар маселеси илимий жактан изилденген темалардын катарына кирет. Атап айтканда, А.А. Акматкулов, Ш.А. Алиев, М.Р. Рахимова жана башка жергиликтүү адистер мугалимдердин эмоционалдык компетенцияларын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча изилдөөлөр жүргүзүшкөн [6]. Мугалимдерде эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү стратегиясын талдоо жана аны педагогикалык ишмердүүлүктө практикалык колдонуу. Заманбап билим берүү чөйрөсүндө мугалим предметтик компетенттүүлүктүн жогорку деңгээлине гана ээ болбостон, өзүнүн эмоцияларын башкара билип, башкалардын сезимдерин түшүнүп, класста жагымдуу атмосфера түзө билиши керек.

Мугалимдерде эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү стратегиялары:

1. Өзүн-өзү байкоону окуп үйрөнүү:

• тажрыйбаларды талдоо үчүн эмоциялардын күндөлүгүн жүргүзүү.

• ар кандай педагогикалык кырдаалдарда эмоционалдык реакцияларга өз алдынча баа берүүнү жүргүзүү.

2. Эмоцияны башкаруу көндүмдөрүн өнүктүрүү:

• аң-сезимдин практикалары (mindfulness-осознанность-эстүүлүк - бул азыркы психологиядагы концепция, ал учурдагы тажрыйбага үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү катары аныкталган, башкача айтканда, субъект өткөн же келечектеги окуялар жөнүндө ойлорго аралашпастан, азыркы учурду башынан өткөрүүгө багытталган абал) жана медитация (медитация – бул адамдын психикалык практика деп аталган ыкманы колдонуп, объекттерге, ойлорго же иш-аракеттерге көңүл буруп, алардын көңүлүн жана аң-сезимин үйрөтүү максатында: эмоционалдык тең салмактуулукка жетишүү).

• өзүн-өзү жөнгө салуу стратегиялары, мисалы, дем алуу жана эс алуу ыкмалары сыяктуу стратегияларын иштеп чыгуу

3. Эмпатияны калыптандыруу:

• окуучулар жана кесиптештер менен баарлашуу процессинде активдүү угуу.

• ролдо ойноо жана кейс изилдөөлөр сыяктуу эмпатияны өнүктүрүү көнүгүүлөрү.

4. Коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүү:

• зордук-зомбулуксуз байланыш ыкмаларын колдонуу.

• конфликттерди натыйжалуу чечүү боюнча тренинг.

5. Мотивацияны жана позитивдүү ой жүгүртүүнү колдоо:

• максат коюу жана өзүн-өзү өнүктүрүү.

• ыраазычылык сезимин жана кесипке позитивдүү мамилени калыптандыруу.

Педагогикалык ишмердүүлүктө практика жүзүндө колдонуу:

1. Класста жагымдуу эмоционалдык климатты түзүү

• окуучуларды колдоо үчүн позитивдүү пикирлерди колдонуу.

• конфликттердин алдын алуу үчүн эмоционалдык жөнгө салуу ыкмаларын колдонуу.

2. Окуучуларга жекече мамиле кылуу

• ар бир баланын муктаждыктарын түшүнүү үчүн эмпатияны өнүктүрүү.

• окуучулардын эмоционалдык абалын эске алуу менен окутуунун ийкемдүү ыкмаларын колдонуу.

3. Стресстик кырдаалдарды башкаруу [7]

• стресске туруктуулукту жана эмоционалдык тең салмактуулукту өнүктүрүү.

• педагогикалык практикада конфликттерди чечүү ыкмаларын колдонуу.

4. Ата-энелер жана кесиптештер менен кызматташууну өнүктүрүү

• педагогикалык коомчулукта натыйжалуу баарлашуу.

- эмоционалдык сабаттуу баарлашуу аркылуу ата-энелер менен ишенимдүү мамилелерди түзүү.

**Корутунду**

Мугалимдердин эмоционалдык интеллектин максаттуу өнүктүрүү алардын кесиптик ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, окуучулар жана кесиптештер менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга жана билим берүү чөйрөсүндө жагымдуу атмосфераны түзүүгө өбөлгө түзөт. Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү стратегияларын киргизүү педагогдорго эмоцияларды башкарууга, стрессти азайтууга жана ар бир окуучуга мамиле табууга жардам берет, бул жалпысынан билим берүүнүн сапатын жогорулатат, ошондой эле ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жана жумушта стресстин деңгээлин төмөндөтүүгө жардам берет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Жумабаева, Г. А. Тарбиялык процессте окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө карата класс жетекчилерге жардам : методикалык колдонмо. – Бишкек : Кыргыз Билим Берүү Академиясы, 2019. – 19–26-бб.
2. Каскинова, В. Р. Изучение состояния эмоционального интеллекта учащихся старшего школьного возраста как фактора успешности при обучении в школе [Электронный ресурс]. – № 2. – URL: https://school-science.ru/7/1/39765 (дата обращения: 06.11.2023).
3. Бебенина, Е. В. Эмоциональный интеллект школьника: становление и развитие : монографический сборник. – М. : ФГБНУ «Институт стратегии развития образования РАО», 2022. – С. 6–30.
4. Белопольская, А. А. Особенности формирования эмоционального интеллекта младших школьников во внеучебной деятельности (теоретический аспект) // Молодой ученый. – 2021. – № 21(363). – С. 381–383.
5. Сулайманова, Р. Т. Педагогдун эмоционалдык интеллектин өнүктүрүүдөгү заманбап тренингдердин ролу / Р. Т. Сулайманова, А. З. Кадырбекова, А. А. Эгамбердиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2025. – № 1. – С. 277–281. – DOI 10.26104/NNTIK.2025.63.83.053. – EDN TXOWHU.
6. Сулайманова, Р. Т. Башталгыч класстын мугалимдери үчүн эмоционалдык компетенттүүлүктүн ролу жана аны юмор аркылуу өнүктүрүү / Р. Т. Сулайманова, А. З. Кадырбекова, А. А. Эгамбердиева // Известия вузов Кыргызстана. – 2024. – № 6. – С. 269–273. – DOI 10.26104/IVK.2024.26.87.055. – EDN JNXSTC.
7. Сулайманова, Р. Т. Педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин психологиялык жана педагогикалык илимдерде изилдениши / Р. Т. Сулайманова // Alatoo Academic Studies. – 2020. – № 4. – С. 205–214. – DOI 10.17015/aas.2020.204.24. – EDN GDTBGL.

**Рецензент: п.и.к., профессор Джаркимбаева Ч.Т.**